**Кыргыз Республикасынын илимдер Улуттук академиясы**
**Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту**

**Д. 10.11.029 Диссертациялык кеңеш**

Кол жазма укугунда
**УДК 82:894. 341 (043,3)**

**Жусупбеков Асанбай Жусупбекович**

# ЖЕҢИЖОКТУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

10.01.01 – кыргыз адабияты

филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2012**

Илимий иш КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунда аткарылды.

**Илимий жетекчиси:** филология илимдеринин доктору, профессор **Акматалиев Абдылдажан Амантурович**

**Расмий оппоненттер:** филология илимдеринин доктору, профессор **Садыков Абдыкадыр Садыкович**

филология илимдеринин кандидаты, доцент **Сыдыкова Рахима**

**Жетектөөчү мекеме:** К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин Кыргыз адабияты кафедрасы.Дареги: Бишкек шаары, Тынчтык көчөсү, 27.

Диссертация 2012-жылдын 24- февралында саат 13-00дө Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук универститети жана КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.10.11.029 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертациялык иш менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот, дареги: Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү, 547.

Автореферат 2012-жылдын "24"- *январында* таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**филология илимдеринин**
**кандидаты, доцент** **Кадырмамбетова А.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.**

Кыргыз акындар поэзиясынын эң ири өкүлү Жеңижок (Өтө) Көкө уулунун (1860-1918 ж.ж.) чыгармачылыгын адабият таануу илиминин багытында комплекстүү иликтөөгө алуу теманын **актуалдуулугун** түзөт. Анын өзөгүндө Жеңижоктун акындык чеберчилиги, төкмөлүк устаттыгынын сыры тууралуу проблема турат. Акындын адабий мурастары тууралуу 1982-жылга чейин үзүл-кесил гана сөз болуп келсе, кийин бир топ активдеше баштаган. Анын поэзиясы адабий, тарыхый, жана философиялык планда изилдөөнүн объектисине алынган. Ал тууралуу монографиялар чыгып, окуу китептерине кирип, макалалар жазылган. Жеңижоктун чыгармалары башка акындардыкы менен катар эле эл арасынан жыйналып, Илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусуна өткөрүлө баштаган. Алгачкы чоң көлөмдүү жыйнак Ч.Айтматовдун баш сөзү менен 1982-жылы жарык көргөн [“Жеңижок”, 1982, 3-5-б.]. Ошол китепке жазган баш сөзүндө улуу жазуучу Жеңижокту ааламды чарк айланган кушка салыштырып, анын ошол жыйнакка кирген “Санат-терме”, “Аккан суу”, “Жалгыз тал” сыяктуу ырларына жогору баа берип, өзгөчө анын айтыштын чебери экенин баса белгилейт.

Ошондон тарта ал тууралуу айрым илимий көз караштар айтыла баштайт. Бул эмгекке таланттуу адабиятчы Ш.Үмөталиевдин да акындын чыгармачылыгына арналган “Жеңижок (Өтө) Көкө уулу” аттуу илимий очерки мисал болот [“Акындар чыгар.тар. очерк.”1988, 51-б.].

Жеңижок тууралуу алгачкы макалалардын ичинен сынчы А.Токтогуловдун өмүрү жана чыгармачылыгына арнаган көлөмдүү жана мазмундуу макаласын атоого болот [“Жеңижок”, 1982, 229-254-б.]. Сынчы адегенде акындын адабий мурасына жеткилең баа берилбеген себебине токтолот. Буга биринчи иретте ошол мезгилдин идеологиясынын талабына ылайык анын чыгармаларында дин бар деген жобо себеп болгонун белгилеп келип, анын ар түрдүү жанрдагы ырларына кенен профессионалдуу талдоо жүргүзөт.

Акындын чыгармачылыгы орто мектептерде окутула баштагандыгына байланыштуу чакан макаласын профессор А.Садыков окуу китебине киргизип, анда Жеңижоктун чыгармачылыгынын өзгөчөлүгүн кыска жана нуска ачып берүүгө жетишкен [“Кыргыз адабияты. Орто мектептердин жогорку класстарынын факультативдик сабактары боюнча окуу куралы.” 1996,43-48-б.].

Белгилүү адабиятчы, илимпоз А.Абдыразаков "Жеңижок (Өтө) Көкө уулу" аттуу чоң макаласында акындын чыгармачылыгына баалуу пикирлерин айтып талдоого алган [Жеңижок, 1999, 290-307-б.].

Ал эми Жеңижоктун чыгармаларын окутууда колдонула турган методикалык жолдор жана ыкмалар туурасында педагог А.Турдугулов өзүнүн чоң эмгегинин бир главасын арнаган ["Төкмө ырчылар менен жазгыч акындардын чыгармачылыгын окутуу", 1996, 34-66-б.].

Акындар чыгармачылыгындагы проблемаларды изилдөөнү Б.Аманалиев, К.Молдобаев сыяктуу белгилүү окумуштуулар башташкан. Алардан кийин бул багытты улантуучулардын бири Ж. Жаныбеков болуп эсептелет. Ал өзүнүн монографиясын Жеңижоктун чыгармаларынын социалдык-философиялык маани-мазмунун ачууга арнаган ["Даанышман ойчул", 1991].

Жогорудагы эмгектердин жаралышы эл арасында акындын өмүрүнө жана чыгармачылыгына кызыгуунун күчтүү экенин далилдейт.

Изденүүчү өзүнүн **"Жеңижоктун чыгармачылыгынын өзгөчөлүгү"** аттуу диссертациясында ондогон жылдар бою чогулткан бай материалга эми жыйноочу катарында эмес, адабиятчы катарында илимий аспектиде баа берүү максатын көздөйт.

Бүгүнкү күнгө чейин бул тема кылдат анализге алынбай, татыктуу баа да албай келген. Буга Жеңижок жөнүндө маалыматтын аздыгы, чыгармаларынын толук жыйналбагандыгы да себеп болгон. Анткени, акындын ырларынын алгачкы жыйнагына тандалма чыгармалары гана кирип, ошол мезгилдеги саясатка байланыштуу көпчүлүк материалдар басылбай, жыйноочунун өзүндө калган. Мезгил, саясат, коом түзүлүшү алмашса да, адамзат пендесин түйшөлткөн түбөлүк суроолор: өмүр, өлүм, дүйнө, убакыт темалары ар убак актуалдуулугун жоготпойт. Демек, Жеңижок акындын жогорудагы тематикадагы ырлары ар убак өз окурмандарын, угармандарын таап келет. Анын ырларында бүтүндөй адам ааламы, анын жашоосу, курчаган айлана чөйрөсү көркөм дүйнөгө сыйдырылып, ширетилип, сөз күчүнүн кудуретин ачып берет.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар менен болгон байланышы.**

Илимий иштин темасы КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планы менен дал келет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери:**

- Акындын алгачкы ырынан баштап, бизге жеткен бардык чыгармаларына илимий анализ берүү;

- Жеңижоктун сүйүү лирикасындагы акындын көз карашын, мамилесин белгилөө;
- Анын жаратылыш, табият, дүйнө, аккан суу темасындагы философиялык ырларын анализдөө;
- Акындын санат, терме-насият, үлгү ырларынын тарбиялык маңызын ачып берүү;
- Акындын айтыш өнөрүн сапаттык жагынан жогору тепкичке көтөргөн үлгүсүнө басым жасоо;
- Анын "Манастан" баштап кенже эпосторго чейин айткандыгын белгилөө;
- Жеңижоктун динге болгон мамилесин тастыктоо.

**Илимий иштин жаңылыгы.**

Акындын өмүр баянына, чыгармаларына тиешелүү жаңы маалыматтарды пайдаланып, аларга жалпы илимий анализ жасалып, Жеңижок акындын толук кандуу, ар тараптуу чыгармачылык портретинин тартылып берилүүсү иштин **жаңылыгын** түзөт. Эгерде буга чейин акынга жана анын ырларына айрым гана илимий багыттарда (философиялык, тарыхый ж.б.) талдоо жүргүзүлүп келген болсо, бул эмгекте анын дээрлик бардык чыгармаларына, айтыш чеберчилигине, өмүр баянынын урунттуу учурларына илимий иликтөө жүргүзүлдү. Жеңижок жамгырдай нөшөрлөп ыр жаадырабы, Көксулуусун көкөлөтө даңазалайбы, баласыздыгын айтып муңканабы, же алгыр куштай атаандаштарын сөзгө жыгабы, айтор, бардык жерде анын жеке инсандык өзгөчөлүгү акындык өнөрдүн булактарында, башаттарында айкын чагылат.

Эмгекте ошондой эле Жеңижоктун жаратылышты коргоо темасына көп кайрылганы, жер-сууну даңктаган патриоттук духтагы ырлары, "Манастан" баштап кенже эпосторго чейин айткан дастанчылыгы тууралуу сөз болот. Жеңижоктун сабаттуулугу, нускоочулугу жана дүйнөнү таанып билүүсүнүн тереңдиги анын чыгармачылык өзгөчөлүгүн шарттап, замандаш акындардан бир кыйла айырмалап турат.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.**

Эмгектен окурмандар Жеңижоктун айтыш чеберчилиги, акындык өнөрүнүн табияты, өмүр-тагдыры тууралуу кенен илимий маалыматтарды ала алышат.

Акындын чыгармалары жогорку окуу жайларынын кыргыз филологиясы факультеттеринде, атайын орто окуу жайларынын, орто мектептин программаларына киргизилип окутулгандыктан, изденүүчүнүн жарык көргөн изилдөөлөрү адистештирилген курстарда, Жеңижоктун өмүрү, чыгармачылыгы боюнча өтүлүүчү атайын курс жана семинарларда кошумча материал катары пайдаланылат.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор.**

- Кыргыз адабиятында акындар чыгармачылыгы негизги орундардын бирин ээлейт. Азыркы маалыматтар боюнча Кыргызстанда чоң, кичине болуп жүзгө жакын акындардын ысмы белгилүү. Жеңижокко ошолордун арасынан өтө чоң орун таандык;
- Акындар жазма жана төкмө деп жалпысынан эки топко ажырайт. Жеңижок кат тааныганы менен төкмөлүк салтында өз чыгармаларын жараткан. Мында анын ырлары шыдыр уйкаш, жеңил ыргак, образдуулугу менен айырмаланган. Бул Жеңижоктун **төкмөлүк өнөрүнүн** эң күчтүү жагы болуп эсептелет;
- Жеңижок кыргыздын башка акындары сыяктуу эле аалам, жаратылыш, дүйнө, өмүр тагдыр сыяктуу түбөлүктүү темалардагы ырларды жараткан. Анын философиялык мазмундагы ырларындагы көз карашы, ойлору - стихиялуу материалисттин позициясын чагылдырат.
- Ал элдик поэзиядагы махабат, арман, керээз сыяктуу традициялуу жанрдык формаларда чыгармаларын жараткан. Алар өзүнүн көөнөрбөс **көркөмдүгү** менен айырмаланат.
- Эл акындарынын бардыгы дээрлик дастанчылыр жана манасчылар болушкан. Жеңижоктун мурастары анын “Манас”, “Семетейден” баштап жана кенже **эпосторго** чейин айта билгендиги менен да баалуу**.**

**Изденүүчүнүн жеке салымы.**

Изденүүчү биринчи жолу “Кыргызстан” басмасынан 1982-жылы акындын ырлар жыйнагын жарыкка чыгаруу менен кыргыз адабияты үчүн чоң салым кошкон. Анын катышуусу аркылуу Жеңижоктун ырлары 4 жолу кайра басылып, окурмандардын калың катмарына жетти. «Залкар акындар» сериясындагы ырлары да акындын чыгармачылыгын пропагандалоодо чоң мааниге ээ. Булардан башка изилдөөчү бир катар практикалык иштерди аткарды. Мисалы, Аксыдагы Кара–Суу мектебин Жеңижоктун атына койдуртканы; Кез-Арт өрөөнүнүн Чомполдогу Жеңижоктун бейитинин үстүнө айкелин орноткону; Кербен жана Жалал–Абад шаарларындагы көчөлөргө анын ысмын ыйгартканы. Жеңижоктун 130,135,140,150 жылдык юбилейлеринин демилгечиси. Жеңижок жүргөн жерлерди кыдырып, элге жолугуп, ыр саптарды кураштырып, чогултуп, далай мээнет менен кырк жылдан ашык убакыт жумшаган.

**Диссертациянын апробацияланышы.**

Аталган эмгек КРнын Улуттук илимдер академиясынын Чыңгыз Айтматов атындагы тил жана адабият институтунда, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз филологиясы факультетинин кыргыз адабият кафедрасында талкууланган.

Диссертациялык иштин негизги мазмуну 7 макалада Жогорку аттестациялык комиссия сунуштаган илимий журналдарда жарык көргөн.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.**

Диссертация киришүү, үч глава, жалпы корутундудан турат. Илимий иштин көлөмү 132 бетти түздү.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө теманын актуалдуулугу аныкталып, изилдөөнүн максаты жана милдеттери, коргоого коюлган жоболору белгиленип, эмгектин практикалык мааниси, изденүүчүнүн жеке салымы, изилдөөнүн апробоциясы, диссертациянын структурасы жана көлөмү көрсөтүлгөн.

**Биринчи глава** "**Табият, сүйүү, арман жана кошок ырлары**" деп аталып, үч параграфка бөлүнгөн. Биринчи параграфы **“Жер-суу темасы”** деп аталды. Жаратылыш коoздугун сүрөттөө – Жеңижоктун чыгармачылыгында сүйүктүү тематика. Акындын жан-дүйнөсү табият менен гармониялуу ширелишип жашайт, аны кылдат сезет, андан азык алат. Жер-сууну сыпаттоодо акын тубаса географиялык, биологиялык, зоологиялык билими бар адам катары таасир калтырат. Эгер ал художник болуп төрөлүп, комуз ордуна кыл калем, ыр ордуна полотного штрихтерди, боекторду түшүрсө, кыргыз элинин улуу Репини болмок беле, ким билет?! Жеңижок бала чагынан түштүктө жашап, аны өзүнүн кичи мекени катары эсептеп калган. Анын чыгармаларындагы жер-суу темасы тууралуу сөз кеткенде биринчи эле *“Жер соорусу Аксы экен”, “Айтайын Аксы жеримди”* өңдүү ырлары эске келет. Буларда өзүнүн өмүрү өткөн Аксы жеринин байлыгын, көркөмүн даңазалап жатканы менен аны жалпы эле кыргыз аймагына тиешелүү катары карасак ылайык келет. Буларда элдик поэзияда туруктуу колдонулуп келген аллитерация, ассонанс, анафора, эпифора сыяктуу көркөм кубулуштарды кеңири пайдалануу менен бирге ал өз алдынча пейзаждык портреттерди тарта билгендиги Жеңижоктун акындык чеберчилигинин бири катарында каралышы керек.

*Аксымды айтам кубанып,*
*Ак мөңгү жатат төрүндө,*
***Ак тайлак болуп суналып.***
*Адырдан чууруйт кой-эчки,*
***Ала аркан болуп чубалып*** [«Жеңижок», 2004,51-б.].

Бул жана башка ыр саптарында акын аскасын ак кар баскан Ала-Тоодон төмөн түшүп, кокту-колоттордо "**ала аркан болуп чубалып"** жайылып жаткан койлорго, булактан суу алып келаткан ак көйнөкчөн келинге көңүл бөлөт. Андан ылдыйлап капчыгайда күрпүлдөп агып жаткан көк кашка

суудагы кууларды, өрдөктөрдү, козудай болгон балыктарды, кумда ойногон кундузду, суу бойлогон суусарды айтып келет. Ушундай адам суктанарлык көрүнүштү ал кудум кинотасмадагыдай таасын сүрөттөй келип, анан табияттын кудай берген байлыгына адамдар чексиз кол сала баштаганына зээни кейийт.

Акындын пейзаждык ырларынын ичинен *"Биздин жер","Өскөн жер"* сыяктуу ырлары да башкалардан айырмалуу ыкмада курулган. Ал өзү билген бир топ жердин аттарын санап келип, аларды ыр түрмөгүнө кошуу аркылуу оригиналдуулукка жетише алган:

*Өлгөнгө жаят алакан,*
*Кара-Төбө, Балапан.*
*Бу да болсо биздин жер,*
*Муну жайлат биздин эл.*

*Базардан көрдүм баркытты,*
*Кожо-Ата менен Аркытты.*
*Бу да болсо биздин жер,*
*Муну жайлат биздин эл.*

["Жеңижок",2004,32-б.].

Табияттын берекелүү байлыгынын бири бул –"***Аккан суу"***. Ал туралуу көп эле акындар ырга кошуп келишкен. Жеңижоктун алардан айырмасы аны "жети күн айтып түгөтө алган эмес" экен. Бул чоң көлөмдөгү чыгармасы толук болбосо да бизге чейин көңүл толорлук көлөмдө келип жетти. Адамзат пендеси байыртадан эле отко, сууга табынып, аларды жашоонун булагы катары эсептеп, сыйынып келген. Баштаган жеринде эле "жети кабат жер астын, жарып чыккан аккан суу" деп, акын аны кандайдыр бир күчтүн кудурети менен эмес, табиятынан эле ушундай болуп жаралганына көңүл бурат. Бирок, ага текебер мамиле кылгандар да толтура. Ошолорго кайрылып аны:

*А, жаныбар, аккан суу,*
*Жок дегенде бир күнгө*
*Келбей койсоң таарынып,*
*Кесирленип жүргөндөр*
*Чуркайт эле ак уруп!* ["Жеңижок", 2004, 117-б.] – дейт.

"Аккан суунун" мазмуну өтө бай. Анда акын табияттагы көп түрдүүлүктү көрөт. Канаттуулар улам бирден саналып, эң кичине кароолу чымчыкка чейин айтылып, мунун баарысы бири-бирин толуктап туруучу касиетке ээ экендигин, суу боюна ойноп, балдар, кыз-келиндер, жигиттер келишип, сырдашканын өтө сүймөнчүлүк менен ырдайт. Аккан суунун эртең мененки, шашкедеги, түштөгү, бешимдеги, бири-бирине окшобогон көрүнүштөрү жогорку көркөмдүктө сыпатталат. Муну биз улуу акын Жеңижоктун жаңычылдыгы, өзү менен замандаш акындардан айырмачылыгы катары баалашыбыз керек. Ал эми акындын айтайын деген оюу "Аккан суу" чыгармасынын аягында толук белгилүү болот:

*А, жаныбар, аккан суу,*
*Күүлөрүңдү черте бер,*
*Күкүктөнүп кете бер.*
*Темир комуз кага бер,*
*Тегеренип жер жүзүн,—*
*Турмуш отун жага бер*
[“Жеңижок”,2004, 94-б.].

Элдик поэзиянын калыбында жаралып, чоң эргүү менен ырга айланган табият тууралуу бул ырлар түпкүлүгүндө айлана-чөйрөнү коргоо, сактоо идеясын алып жүргөндүгү менен кымбат. Ошон үчүн Жеңижоктун сөзү менен айтканда "суу сыйлаган зор болор, суу кордогон кор болор» деген таасын ою, өзгөчө азыркы заманда актуалдуугу жогорулап барат. Жандуу менен жансызга жашоо, өмүр берген аккан суу – түбөлүктүү. Ал эч токтобой ага берет, он сегиз миң ааламды бага берет. Акындын оюнун логикалык корутундусу мына ушундай.

Биринчи главанын экинчи параграфы “**Жеңижоктун махабат ырлары”** деп аталды. Жашоо бар жерде өлүм да, сүйүү да бар. Ошон үчүн адамзат пендесинин тарыхында бул тема фольклордон баштап, профессионалдык адабияттын өкүлдөрүнүн чыгармачылыгына чейин туруктуу орун алып келе жатат. Жеңижоктун **"Көксулуусу"** ошонун мыкты үлгүлөрүнүн бири. Акындын биздин күнгө чейин махабат тууралуу ушул гана ыры келип жеткен. Акындын сүйүү жөнүндө башка ырлары деле болсо керек, бирок балким алар “Көксулуунун” деңгээлине чыкпай унутулуп калгандыр. Көксулуу Жеңижоктун жалгыздан жалгыз чоң махабаты экендиги анын ырында, өмүр баяндык фактыларында ачык айкын көрүнүп турат. Акындын бул ырынан, жубайына болгон мамилесинен чыныгы чоң сүйүү сезиминин үлгүсүн көрүүгө болот. Акын поэмага тете көлөмдүү ырында Көксулууга кантип ашык болуп, бирок, ага жетпей калып "**көчтөн калган тайлактай боздоп"** арманда жүргөн күндөрү, кийин райымдуу бийдин жардамы менен анын башын ачып алгандыгы туурасында кеңири баяндалат.

Ыр курулушунда "Көксулуунун" бир катар өзгөчөлүктөрү бар. Ал 6, 7, 9, 10 саптардан жупташып келип, 7-8 муун өлчөмү баштан аяк сакталат. Ал эми поэтикасына келсек, традициялуулук менен жекеликтин айкалыша жүргөнүн байкайбыз. Мисалы, "**ай жүздүү бетиң нур чайып", "көркөмү жанды суусаткан"** сыяктуу көркөм каражаттар элдикине окшош келсе, **"күлгөндө күлкүң-күмүш үн"** деген сүрөттөө жазма адабияттыкына түзпөлдөшүп жатат. Ырда жалпысынан алганда акындык чыгармачылыкта абдан өөрчүгөн параллелизм ыкмасы жыш колдонулат. Жеңижок менен Көксулуунун сүйүүсү өз бактылары үчүн талбай күрөшкөн чыныгы сүйүшкөндөрдүн бийик үлгүсү. Ошону менен катар акындын “Көксулуу” дастаны өзү менен замандаш акындардын сүйүү ырларынан жалгыз гана көлөмү эмес, төгөрөгү төп келген эң мыкты көркөмдүгү менен да айырмаланат. Чыгарманын экинин бири деп айтарлык бийик сапаты аны

классикалык ырлардын катарына кошуп, мезгил элегинен, эл сынынан өтүп ушул мезгилге чейин жашап келди.

Биринчи главанын үчүнчү параграфы **«Арман, кошок ырлары»** деп аталып анда акындын арман, кошок жана керээз ырлары талданат.

Жаратылыштын көп түрдүү кубулуштарынын бирөө – бак–дарактар. Алар тоодо, токойдо, суу бойлорунда жайнап өсүп турат. Жеңижоктун көңүлү ошолордон өзүнчө бөлүнүп калган жалгыз талга бурулат. Ал чын эле адамдын боору ооруй турган абалга келген. Адамзат пендеси байыртан эле табиятты жандуу сезип, аны менен адамча сүйлөшө билген. "Манас" эпосунда ал чоң трагедияга учураганда "карагай ыйлап, тал ыйлап, карап турган макулук бүт кайгырат”. Жеңижоктун "***Жалгыз талынан***" да ушундай подтексттик-символдук маанини кабылдасак ылайыктуу деп ойлойбуз. Ырды окуп, жакшылап баам таштасак, жалгыз тал тал эмей эле Жеңижоктун өзүнүн тагдыр жазмышы сыяктанып кетет. Жалгыз талды замандын катаал мыйзамы эч аяган эмес, аны эң кымбат жакындарынан, тоо-токойлорунан ажыратып таштаган. Акырында ал минтип булак башыда муңга толуп, каргага да түнөк болбой, "аңгырап жалгыз калганына" зээни кейит. Акын эл-жеринен ажырап, ушул жалгыз тал сыяктанып көбөйбөй тукумсуз болуп келе жатканын ичтен салыштырган сыяктуу кабылдасак логикага сыйымдуу деп ойлойбуз.

*Бакайырда жалгыз тал,*
*Баласы жок байкуш тал.*
*Эки талдын бирисиң,*
*Эл-журтуңдан ажырап,*
*Эмне жалгыз жүрүсүң* [" Жеңижок", 2004,391-б.].

***“Балам жок”*** чыгармасын арман ырларынын туу чокусу деп эсептегенге толук негиз бар. Акындын Аксыдагы жердеш карыялардын эскерүүсүнө караганда “Балам жок” өтө эле муңдуу болуп, ыйлап эле отурган адамды көрүшчү экен. Өзүнүн өмүр бою көкүрөгүндө сактап келаткан арманын:

*Көк-Сайдан аккан дарыя,*
*Күйүтүм айтам жарыя* [“Жеңижок”,2004, 132-б.].

деп, анан өзүнүн баласыздыгын, алган жары Көксулуу дагы “арманга, күйүткө батып” жүргөнүн, анын ашкере сулуу, адамгерчиликтүү, колунан көөрү төгүлгөн уз экенин айтып, маанайы пас абалда калганына чейин көңүл бөлөт да, анын арманы өзүнүн арманынан да кем эмес экенин түшүнүп, жарынын кайгысын тең бөлүшөт. Ак таңдай акындын чыгармачылык диапазону өтө кенендигине, ийкемдүүлүгүнө, ырды каалаган жакка бура билүү жөндөмдүүлүгүнө ээ экендигине тан беребиз.

*Каттаганда кан жолум,* *Сүйлөгөндө таңдайым,*
*Кармаганда оң колум.* *Сүйүнгөндө маңдайым.*
[“Жеңижок”, 2004, 132-б.].

Мында баланын, өзгөчө эркек тукумдун өтө баалуу экендигин куюлушкан көркөм ыр саптары менен көз алдыңа даана элестете тарткан сүрөткердик кудурети өтө күчтүү чагылдырылган. Бирок акын өзү канчалык арманга батып, кайгыга чөкпөсүн өзүнүн жеке трагедиясын баарынан жогору койгон эмес.

*Үзөңгү тепкен бут калды,*
*Үмүт бир кылган журт калды,* - деп элдин амандыгын тилеп, ошого каниет кылган.

Жеңижоктун керээз ырларына келе турган болсок, тагыраак айтканда: «***А дүйнө кетсем кайыр кош!», «Ак куржун толгон ыр калды», «Ким айтат менин ырымды?», «Акыркы ыры»*** сыяктуу ырлары башка акындардын керээз ырларынан көлөмдүүлүгү, көркөмдүк түзүлүшү менен айырмаланат. Өзүнүн коштошуу ырларында акын ал сыяктуу эл, жерди, ак менен караны, өлүм менен өмүрдү, сүйүү менен арманды ырдаган акындын жок экендигин, өзүндө болсо айтылбай, ырдалбай дагы канча ыр калганын белгилейт. Керээз ырларында акындын жеке арманы, дүйнөдөн туяксыз өтүп бара жатканы да кызыл сызык менен өтөт.

**Кошокторго** "Суван бийге", "Баялы бийге", "Улакчы Кыдырга" сыяктууларды киргизүүгө болот. Өзгөчө Токтогул менен алым сабакташып чыгарган "Карача байды жолборс алганда" кошогу көркөмдүгү, оригиналдуу курулушу менен айырмаланат. Эки залкар акын алым сабакта бири-бирин илгиртпей тез түшүнүшүп, экөө тең кандай багытта ырдашпасын биринин оюн экинчиси толуктап, өнөктөшү аны андан ары улап, уйкаштыкты да бузбай жүрүп отурат.

Ошентип, Жеңижоктун табият, сүйүү, арман жана кошок жанрларындагы ырларын карап өткөнүбүздө анын кадимки эле төкмө ырчылардын калыбында, фольклордук жана акындык поэзиянын салттарында ыр чыгарып келгендигин көрөбүз. Салттуулук менен бирге акын бардык убактарда традициялуу темаларга өз жаңылыктарын, көркөм боекторун кошуп, жаңычылдыкка жетише алгандыгы анын акындык чеберчилигинин бирден-бир белгиси катары мүнөздөлөт.

**Экинчи глава “Жеңижоктун санат-насыят, терме ырлары”** деп аталып, биринчи параграфта **“Жеңижоктун санат ырларынын таалим тарбиялык маанисине”** анализ жүргүзүлдү. Санат-насыят, терме ырлары оозеки жана акындык чыгармачылыкта күчтүү өөрчүгөн багыттырдын бири. Турмуштагы ар кандай көрүнүштөрдү, оң менен терс, ак менен кара сыяктууларды санап, терип, бири-бирине карама-каршы коюп, чулу, учкул сөздөр менен мүнөздөө анын жанрдык негизги табиятын аныктайт.

*Эрте туруп иш кылсаң,*
*Элден ишиң бат бүтөт.*

*Эр-жигиттин жакшысы*
*Ээгин эгип, мал күтөт.*

*Жакшыга дөөлөт келгенде* *Жаманга дөөлөт келгенде,*
*Бой көтөрбөй пас болот,* *Көтөрө албай мас болот*
*Кылган иши саз болот.* [“Жеңижок”, 2004, 188-б.].

Бул өндүү тарбиялык маанидеги таасын ойлор Жеңижокто жыш кездешет. Башкача айтканда, адам мүнөзүндөгү, жүрүм-турумундагы кыңыр-кыйшыктарды оң сапаттарга карама-каршы коюу Жеңижоктун санат-насыят, терме ырларынын негизги мазмунун түзөт.

Санат-насыяттардын темасы көп түрдүү. Ошолордун ичинде эмгек, ынтымак, бийлик менен эл сыяктууларга бир топ орчундуу көңүл бурулганын байкоого болот. Акындын санат-насыят, терме ырларынын ичинен “**Белиңде пулуң болбосо**” деген чыгармасы өзгөчө көңүл бөлө турган чыгармалардан. Ыр стилистикалык түзүлүшү боюнча да автордун берейин деген оюн тереңдетип, жаңы ыкма менен бергендиги жана ал өтө ыктуу чечилгенин белгилеп кетүүгө болот. Акын бул аталган чыгармасында кургак акыл айтуудан алыстап, конкретүү мисалдардын негизинде өз оюн билгизет.

Санат-насыяттагы кеңири таралган темалардын дагы бири -***"Жакшы катын","Жаман катын", "Жакшы уул", "Жаман уул"*** тууралуу айтылган ойлор. Мында акын аялдар менен балдарга мүнөздүү болгон оң-терс сапатарды сыпаттоо менен өзүнүн психолог-педагогдук устаттыгын көрсөтө алган. Аялзаты тууралуу сөз жүргөндө ал Каныкей, Айчүрөк, Кыз Сайкал, Жаңыл, Курманжандарды мисалга тартып, аларды үлгүлүк мааниде даңазалайт.

Ал эми экинчи параграф **“Жеңижоктун өмүр, тилек, максат ырларына”** арналат. Акындын “**Балалык**” аттуу чыгармасы кичине киришүү менен башталып, бул тема жөнүндө кимдер айтпаганын эске салып, ошол кездеги кыргыз, казакка башы көрүнгөн аындардын ысымдарын айтып келип, алардын айтпаганын, калың кыргыз элине жайбаганын эскертип, анан барып балалыкты мүнөздөй баштайт. Акын сөздү баланын эки-үч жашынан баштап, улам жашы өйдөлөгөн сайын анын дене-боюнун өсүшү гана эмес, анын кулк-мүнөзү психологиялык жактан өзгөрүп, айлана чөйрөгө болгон коз карашынын тереңдей берерин айтат. Андан ары кайсы жашта кандай иштерди аткара ала тургандыгы, улам жашы өйдөлөгөн сайын адамдын коомдогу аткарган иши, айлана-чөйрөгө болгон көз-карашы кеңейип, эр ортону элүүгө, анан пайгамбар жаш 60 жаштан нары карылыктын белгилерин таамай сүрөттөйт.Андан жетимишке, сексендеги, токсондогу карыянын бүтүндөй кебете-кешпири, кылык-жоругу кудум кино тасмадагыдай көз алдыбызда чубуртуп өтөт:

Башка эл акындары сыяктуу эле "Турбайбы", "Болсочу","Айт, айт десе" сыяктуу сөздөрдү ыр курулушуна киргизүү Жеңижокто бир топ орун алганын байкоого болот:

*Күн менен түн алмашып,*
*Кете берет турбайбы.*
*Өмүр таттуу көрүнүп,*
*Өтө берет турбайбы* [“Жеңижок”, 2004, 225-б.].

Бул сыяктуу "турбайбы" деген сөз улам кайталанганы менен жаңы ойлордун топтому тизмектелип, ырдын угумдуулугу да маанисин эч кемитпейт. Тескерисинче буга чейин башка ырларында айтылбай, же жеткилең иштелбей келген ойлор кеңитилип, тереңдетилип, алар жаңы көркөм боектор менен шөкөттөлүп жүрүп отурат.

"**Болсочу**", "**Айт**, **айт десе**" деген сөздөр менен коштолгон ырларга кайрылган акындар өзүнө гана таандык ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүндө теманы ар бири өз алдынча чечмелешкен. Улуу акын Токтогул “Болсочу” чыгармасынын аягын: «кайран жанды кол менен жасап алар болсочу» деп, «алтындай өмүр өткөн соң, артыңа келбей коёрсуң» деп турмуштагы өзү байкаган, элдик түшүнүк менен чектелип гана тим болот. Ал эми Жеңижок болсо дүйнө сырын чечип, койгон максатына жетип, канаат алып гана өлүмгө моюн сунчудай көрүнөт, анын ою боюнча адам бактылуу, армансыз өтүү керек:

*Ойлогон ой, тилекке,*
*Жете турган болсочу.*
*Арман кылбай дүйнөдөн,*
*Өтө турган болсочу.*
*Табияттын сырларын,*
*Чече турган болсочу* [“Жеңижок”,2004, 248-б.].

Жогоруда көрүнүп тургандай, Жеңижок «табияттын сырларын чече турган болсочу» деп, өзүнө замандаш акындарынын арасынан суурулуп чыгып, бир сөөм болсо да алардан бийигирээк ойду айтып гана тим болбостон, өмүрү өткөнчө ушул гана принципте ойлорун бийиктетип, тереңдетип келген.

Экинчи главанын үчүнчү параграфы «**Аалам, дүйнө жөнүндөгү ырларына»** арналат. Бул циклда деле Жеңижок элдик асыл ойлордун бүтүндөй бир катмарын өз боюна сиңирип алып, аларды жаңы көз караш менен байытып, жаңы боек сүртүп көркөм айта билгендиги анын устаттыгынын дагы бир кырын мүнөздөйт. Бул жерде улуу жазуучу Ч.Айтматовдун: "Жеңижок дүйнө, адам, жакшы менен жаман, ак ниеттүүлүк менен кыянаттык, күнүмдүк тиричилик-ушунун барына акын өзүнүн бекем жана терең, өз карашынан, азыркы тил менен айтканда, философиялык-

эстетикалык жеке концепциясынан туруп баа берет", [“Жеңижок”,1982, 3-б.], - деген философиялык ойлорго чөгөрүлгөн сөздөрүндө айтылгандай, Жеңижок өзүнүн "Дүнүйө" деген ырында дүйнөдө канча бир согуштар, кыргындар болуп, тоо бузулуп, түзгө айланып, канча бир эл тарыхта аты калып, өзү жоголуп кеткенинен бери кеп кылып, оюн глобалдык масштабда өнүктүрүп отурат. Ал дүйнөнүн тынымсыз кыймылда, бир түрдөн экинчиге өтүп турарын, анын чексиздигин таамай ыр саптары менен мындайча сүрөттөйт:

*Байыстабай бир азга,*
*Өткөнүн көрчү дүйнөнүн.*
*Артынан жоо куугандай,*
*Көчкөнүн көрчү дүйнөнүн.*
*Бир жалбырттап, бир жерде,*
*Өчкөнүн көрчү дүйнөнүн.*
[“Жеңижок”, 2004, 229-б.].

Ушул ырга байланыштуу таланттуу адабиятчы Ш.Уметалиев: "Бул анын дүйнөгө, турмушка көз карашын көрсөтүүчү программалуу жана философиялык маанидеги ыр. Эгерде ал "Бир алла" аттуу ырында бардык жандуу – жансыздарды жараткан жалгыз алланын өзү десе, мында дүйнөнү материя катары көрүп, ал алланын амири боюнча жаралбастан, өзүнүн ички табияты, өсүшүнөн келип чыкты”- деген оюн айтат [Акындар чыгарм. тар.очерк.,1988, 55-бет].

Жеңижоктун аалам тууралуу философиялуу ырларынын дагы бири- "***Дүйнө сен"***. Анда пайгамбар, олуя жана башка тарыхый инсандарды атап келип, булардын баары дүйнөгө түркүк боло албайт, анткени, ал тынымсыз өсүп, өзгөрүп, өлүп, кайра башталып отура турган көрүнүш. Мында Жеңижок стихиялуу-материалисттик позициядан дүйнөнү кабылдаганы көрүнүп турат. Ал: **"жарыкчылык дүйнөдө бир күн да болсо күн кызык"-** дейт. Демек, бул дүйнө гана бар дүйнө, башка дүйнө жок, анын кызыкчылыгын, рахатын көрүп жашап өтүү абзел. Мындай көз караштын чыгышы тегин эмес, анткени, замандашы жана курбусу Токтогул да ушундай көз караашта болгонун анын "Эмне кызык", "Гүлдөп ал" өңдүү ырлары айкын далилдеп турат.

Жеңижоктун Токтогулдуку менен тикеден-тике үндөшкөн дагы бир философиялык, социалдык мазмундагы ыры бул - ***"Замана"***. Мында акын "кимге кандай замана" деген суроого **"бирөөгө тар, бирөөгө кең экенсиң замана"** деп жооп берет. Ошол теңсиздик замандын бетин конкреттүү, деталдаштырып сүрөттөө аркылуу таасын ачып берет:

*Ажыдаардай, жыландай,*
*Арбап барат замана...*
*Бийлиги бар манапка*
*Кул сураттың, замана.*
*Колунда жок кедейге*
*Пул сураттың замана*
[“Жеңижок”, 2004, 229-б.].

Жеңижок ар дайым эмгекчи, карапайым калктын абалын ырдап келет. Социалдык теңсиздикти ырдоо менен гана чектелбестен, ал эл башчыларына адилеттүү башкарууну эскертет.

*Эстүү башчы элди ойлойт,* *Ээлигип көөп кетпесе,*
*Эзелтен калган кыргызга,* *Элинде болгон кемди ойлойт!*
*Ээлеп келген Жерди ойлойт.* ["Жеңижок",2004, 245-б,].

Эгерде ал бей-бечараларга катаал болгон замандын бетине түкүрүү менен эле чектелсе, жаңы заманды көрүп, бакты-таалайга жетишкен досу Токтогул **"заманың келди жаркылдап, жаркылда кедей, жаркылда"** деп, теңчилик заманды жардап ырдоо менен өз оюн жыйынтыктаган.

**Үчүнчү глава "Жеңижок - айтыш чебери"** деп аталып, анда ал катышкан бир нече айтыштарга конкреттүү талдоо берилди.

Айтыш акындык чыгармачылыкта өтө өөрчүгөн жанр. Эки акындын ыр менен аз ара кайым айтышып, беттешүүсүн айтыш деп айтышат. Ал мазмуну боюнча бир нече түрлөгө бөлүнгөн. Революцияга чейинки доордо анын көбүнчө кордошуп айтышуусу колдонулган. Мында эки башка көз караште, позицияда турган акындар бири-бирин сөзгө сындырып, экинчи унчукпас абалга келтирген, ошол акынды жеңүүчү дешкен.

Акындык таланттын ашкере күчүн сыноо үчүн табышмактатып айтышууга барышкан. Мындагы жеңүүчү акын жеке эле сөз күчү менен эмес, дүйнө таанымы, билим тажырыйбасы боюнча да сынга түшкөн. Ал эми алым сабак айтышта эки акын биринин оюн экинчиси улап, достукту, тилектештикти туюндурушкан.

Кайсы бир тойдо чоң ырчы Эсенаман Жеңижоктон жарчылыкты талашып айтыша кетет. Ал аны басмырлап ырдайт. Жеңижок жооп берерде адагенде санат, термеден баштап, насыйкаттап келип,

*Эң биринчи дүйнөгө,*
*Нур жараткан эмеспи.*
*Суук кыштын булутун,*
*Сур жараткан эмеспи* ["Жеңижок", 2004, 279-б.] -

деп, ыр жамгырын төгүп, пастыктан, майдалыктан өйдө көтөрүлүп айтышты бир топ кызытып, аны жогорку деңгээлге чыгара келип, "ушундай кеңдиктен алганда экөөбүздүн болбос жерден талашып, тытышып олтурганыбыз эмне абийир алып келет? деген ойду билдирет. Андан кийин барып, айла жок, айтыштын салтына баш ийип, жердеги жемин алыш үчүн алгач "көккө типтик атып чыгып, анан гана жеткен жерден жалпайта тебиш үчүн кош канатын куушуруп тик ылдый урган таштай зуулдап жөнөп берген кыраан тоо бүркүттөй, Эсенаманды качырып сала берет, аны ар бир сөзүнөн кармап, мышык чычканды ойноткондой, жерге опоңой оонатып салып чыга берет" ["Жеңижок",1982, 249-б.], - деп

белгилүү сынчы Аман Токтогулов бул айтышка берген баасына кошулууга болот.

**“Арстанбек менен Жеңижоктун учурашуу**” ыры жыйноочу тарабынан кара сөз менен башталат. Анда: Жеңижок Нурмолдо. Эсенаман, Наркүлбүбүнү жеңип, анан Арстанбекти бир көрүүгө атайын издеп барып, Арстанбекке учурашканы баян этилет. Экөөбүнүн айтышынын соңунда Арстанбек Жеңижоктун залкар нускоочу акын экендигине көзү жетип, анын көсөмдүгүнө, акылмандыгына, кең пейилдигине таазим этип, алкыш айтат. **“Жеңижок менен Эшманбеттин учурашканы**” алым-сабак айтышка жатат. Эшманбет ырчы Кетмен-Төбөдөн Аксыга келип, Жеңижок менен учурашат. Ырында Жеңижоктун атак-даңкын угуп жүргөнүн, атайын эңсеп издеп келгенин, андан таалим-тарбия алсам деген тилегин айтат. Жеңижок ага берген жообунда далай эл-жерлерди кыдырып, Алайга, Каркырадагы Арстанбекке, дагы бир далай жерлерге барганын, ар түрдүү уруу элди көргөнүн айтып, турмуштук сабак берет. Андан соң улуулук кеп-кеңешин, нускоосун төгүп ырдайт.

Жеңижоктун Коргоол менен жолугушканы ушундай эле типтеги айтышка жатат. Ал эми Шекер кыз, Айшкан жана Барпы акындар менен болгон айтыштары табышмактуу айтыштын түрүнө кирет.

Жеңижок чоң нускоочу, калк алдында бетме-бет чыга келгенде эч кимден жеңилбеген айтыштын устаты болуу менен бирге “Манас”, “Семетей”, “Кожожаш”, “Эр Төштүк” өңдүү элдик эпосторду күн-түндөп атйкан жомокчу да болгон. Ал Жеңижоктун “Айт, айт десе” деген ырында:

*Аксы менен Таласты айт,*
*Көкчө менен Манасты айт!* [“Жеңижок”,2004,171-б,] -

деп бекеринен “Манасты” сөзгө аралаштырып жаткан жок. Ал “Манасты” ийине келтирип, өтө чебер, күн-түндөп, жумалап, айлап өмүрү өткөнчө айткан жана өзүнө учурашканы барган шакирттерине да сунуш кылып, аларды да айта жүрүүсүн өтүнгөн. Жаш акын Коргоол Жеңижокко жолугуп, алым-сабак айтышкан кезде ага мындай деген:

| | |
|---|---|
| *Аксы менен Таластын* | *“Жаныш-Байыш”, “Курманбек”,* |
| *Көкчө менен Манастын,* | *Эрдиктери мында деп,* |
| *Жөнүн айтсаң- бир кызык.* | *Көбүн атсаң бир кызык!* |
| | [“Жеңижок”, 2004, 397-б.] |

Демек, Жеңижок элдик эпосторду да чебер аткарган акын болгон. Ал “Семетей” эпосунан “Семетейдин Букардан Таласка жөнөшүнөн” үзүндү гана бизге келип жеткен.

Жеңижоктун төкмөлүгү, манасчылыгы, семетейчилиги, дастанчылыгы жөнүндө сөз кеткенде анын эске тутуу жөндөмүнүн күчтүүлүгү, окуяны каалаганча созуп, көркөмдөп, жеткиликтүү кылып айтууну шарттаган. Бир

эле мисал: Манастын Ак келтесин сыпаттаганынан улам анда эмне деген фантазия, сүрөткерлик жөндөм, манасчылык кудурет уюп жатканына таңданбай кое албайсың. Бирок тилекке каршы океандай чалкыган "Манастан" таруудай гана үзүндү келип жетти.

## Жалпы корутунду

- Акын "Биздин жер", "Өскөн жер", "Жер соорусу Аксы экен", "Кагылам, жерим Кара- Суу", "Кызыл-Жар", "Малгалды деген кандай жер?" деген ырларында – ар бир жердин, кокту-колоттун, аска зоонун, жер – суунун өзүнө гана мүнөздүү табиятына, жаныбарлар, канаттуу куштары-паренделерине, чөптүн, токойдогу дарактардын түрлөрүнө чейин атап, кыргыз жеринин көркүн даңазалап, аларды коргоо, сактоо идеясына басым коюп айткандыгы өтө баалуу.
- Жеңижоктун жалпы элге жакшы белгилүү "Көксулуусу" - улуу Токтогулдун "Алымканы", Барпынын "Мөлмөлүм", Корголдун "Ак Бакайы" сыяктуу классикалык ырлардын катарынан орун алууга толук акылуу.
- Кошок – кыргыз элинде көбүнчө кыз-келиндер, аялдар тарабынан чыгарылып аткарылган. Бул жанр акындар чыгармачылыгында да орун алган. Жеңижоктун: "Кара-Суулук улакчы Кыдырга кошок", "Суван бийге кошок", "Баялы бийге кошок" Токтогул менен алым – сабакташып аткарган "Карача бийди жолборс алганда " сыяктуу кошоктору бул жанрдын мыкты үлгүлөрүнөн болуп эсептелет.
- Акын "Замана", "Кабактын жолун каз деген" ырларында өзүнүн заманага болгон нааразылыгын таасын билдирет.
- Жеңижок "Жалгыз тал", "Балам жок" аттуу белгилүү чыгармаларын арман ырларынын жаңы тибине кошсок болот.
- Жеңижоктун - "Ак куржун толо ыр калды", "Ким айтат менин ырымды?", "Акыркы ыры" аттуу керээз ырлары бул жанрдын мыкты үлгүлөрүнүн катарында турат.
- Жеңижоктун санат, насыят, терме ырларында белгилегендей, акындын акындык максат, тилек программасы "Айт, айт десе" ырында өзгөчө ачык көрүнөт. Ал – жаман катын менен жакшы катындын айырмасын айтып, жакшысынан таап ал деп, кеңешин берет, же "Жаман уул, жакшы уулду" салыштырып, оң же терс жактарын көрсөтөт. Жаман кыздын адам жийиркене турган кейпин сүрөттөйт, жакшы кыздын сулуулугун, аруулугун асылзаадалыгын көркөм жеткире даңазалайт.
- Үлгү, насыят,термелеринде эмгекти сүйүү, эл - жерди ардактоо, сактоо, душмандардан коргоо идеясы бул топтогу ырлардын негизги мазмунун түзөт.

“Балалык”, “Турбайбы”, “Дүнүйө”, “Дүйнө сен” деген ырларында акын философиялык ой жүгүртүүлөрдүн тереңдиги менен замандаш акындардан айырмаланат.

- Жеңижоктун Аалам, дүйнө, табият темасындагы ырлары анын эстетикалык көз карашынын бийиктигин айгинелейт.
- Анын манасчылыгы, семетейчилиги, жомокчулугу, акындын чыгармачылыгынын ажырагыс бөлүгүн түзөт.
- Жеңижоктун репертуарында "Манастан" башка “Жаныш-Байыш”, “Кожожаш”, “Кыз-Жибек” сыяктуу кенже эпостор да орун алган.
- Акындын сүрөткердик фантазиясынын күчү анын эпостогу портрет тартуу, курал-жарактарды сүрөттөө, тулпарларды сыпаттоосунан да ачык көрүнөт.
- Жеңижоктун "Семетейинде" Семетей Букардан Таласка көчүп келиши менен Жакып, Абыке, Көбөш, Адыбай, Көлбай, Чыйбыт, Кочкорлордун биринин артынан экинчисин, үчүнчүсү да өлтүрүшү аны башка варианттардан айырмалап турат.

Акырында эл арасында айтылып келген сын-баага назар бурсак: “Кыргызда үч гана акын бар: биринчиси – акындын булбулу Жеңижок, экинчиси – акындын торгою Токтогул, үчүнчүсү акындын тулкарасы – Эшмамбет. Жеңижокту акындардын булбулу дегенибиз – Жеңижок ырдаганда бу дүйнөңдү да, тиги дүйнөңдү да калтырбай ырга айлантып салчу. Жеңижок ырдагандан кийин, башка акынга айтар сөз жоктой сезилчү. Токтогулду акындардын торгою дегенибиз – ал бирде ыр төксө, бирде күү чертип, кайра куудул сөздөрдү аралаштырып, убакыттын кандай өткөнүн сездирчү эмес. Ал эми Эшмамбетти ырчылардын Тулкарасы дегенибиз – ал намыска чаап ырдаган акын! Бир беттеп алганын жеңмейинче койбогон акын”. [“Жеңижок”, 2004,18-б.]

Элдин баасынан ашыра баа берүү кыйын. Анткени эл – угуучу, окурман, калыс тараза. Корутундулап айтканда, Жеңижок – эл акындар чыгармачылыгында өзүнө таандык стили бар, ой туюмунун кенендиги менен айырмаланган, сабаттуу, нускоочу акын. Көркөм сөздүн чебери жана айтыштын жеңилбес устаты. Ал табият, махабат, кошок, керээз, арман жана өмүр тууралуу бардык чыгармалырында, айтыш өнөрүндө, “Манастан” баштап кенже эпосторунда эстетикалык көз карашы бийик, ойчул, сүрөткердик фантазиясы күчтүү жана Ата мекенин сүйгөн патриот катары баалуу.

**Диссертация боюнча жарыяланган илимий макалалардын тизмеси:**

1. Жусупбеков, А.Ж. Жеңижоктун сүйүү ырларынын өзгөчөлүгү [Текст] / А.Жусупбеков // ЖАМУнун жарчысы. - 2004. – 1-чыг. - 32-36-б.
2. Жусупбеков, А.Ж. Жеңижоктун арман ырларынын өзгөчөлүгү [Текст] / А. Жусупбеков // ЖАМУнун жарчысы. - 2004. - 1-чыг. - 36-42-б.
3. Жусупбеков, А.Ж. Жеңижоктун жер, табият жөнүндөгү ырлары [Текст] / А.Жусупбеков // Известия ВУЗов. – 2005. - Вып. 4. - 49 - 52 - б.
4. Жусупбеков, А.Ж. Нурмолдо, Жеңижок, Барпынын тойдогу айтышы [Текст] / А.Жусупбеков // Известия ВУЗов. – 2005. - Вып.4. -194-196-б.
5. Жусупбеков, А.Ж. Жеңижок менен Токтогулдун айтыш ырлары [Текст] / А.Жусупбеков // Социальные и гуманитарные науки. Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына. – 2005. - Вып. 2. - 233-235-б.
6. Жусупбеков, А.Ж. Жеңижоктун «Дүйнө сени» [Текст] / А. Жусупбеков // ЖАМУнун жарчысы. - 2008. - 1-чыг. - 84-89-б.
7. Жусупбеков, А.Ж. Жеңижоктун "Балалык" аттуу чыгармасы жөнүндө [Текст] / А.Жусупбеков // ЖАМУнун жарчысы. - 2008. - 1-чыг. - 89-94-б.

**Жусупбеков Асанбайдын “Жеңижоктун чыгармачылыгынын өзгөчөлүгү” деген темада 10.01.01 - кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**РЕЗЮМЕСИ**


**Түйүнүдүү сөздөр:** төкмө акын, Ата мекен, пейзаждык лирика, махабат, арман, кошок, керээз, философия, стихиялык материализм, кордошуп айтышуу, табышмактуу айтыш.

**Изилдөөнүн объектиси**: Жеңижоктун ар кыл темадагы ырлары, айтыштары.

**Изилдөөнүн максаты**: Жеңижоктун өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу жаңы маалыматтардын негизинде анын бүткүл чыгармачылыгын: ырларын, айтыштарын, дастанчылык өнөрүн изилдеп, анын кыргыз адабиятынан алган ордун аныктоо.

**Изилдөө методдору:** Адабий-теориялык, аналитикалык, салыштырма-типологиялык ыкмалар менен анализ жасалды. Мында көрүнүктүү адабият таануучулар менен сынчылардын методологиялык жол-жоболору пайдаланып, жетекчиликке алынды.

**Изилдөөнүн жаңылыгы жана алынган натыйжалар**:

Совет мезгилинде анчалык көңүл бурулбай келген классик акындын дээрлик бардык чыгармаларын адабий-теориялык багытта биринчи изилденгендиги диссертациянын жаңылыгы болуп эсептелет.

Изилдөөнүн негизинде Жеңижок акындар чыгармачылыгында орун алган бир катар жанрларында үзүрлүү эмгектенип, традициялуулукту өзүнүн жаңычылдыгы менен байытканы, нускоочулугу, философ акын экендиги жана айтыш өнөрүнүн чебери болгону аныкталды. Ошондой эле Жеңижоктун “Семетей” эпосу баш болгон бир катар эпосторду аткарган дастанчылыгы белгиленди.

**Колдонуу боюнча сунуштар.** Диссертациянын материалдары кыргыз акындар чыгармачылыгы боюнча ЖОЖдордо окулуучу лекцияларга жана атайын семинарларга кошумча булак катары сунуш кылынат. Автордун ар кайсы журналдарда басылып чыккан макалалары жана монографиясы акындар поэзиясына кызыккан бардык окурмандар үчүн кызмат кылмак.

**Колдонуу чөйрөсү**: Жогорку, атайын жана орто окуу жайларында акындар чыгармачылыгын окуутуда ЖОЖдордун окутуучуларына студенттерге, аспиранттарга жана өз алдынча изденүүчүлөргө кошумча булак катары сунуш этилет.

## РЕЗЮМЕ

**диссертационной работы Жусупбекова Асанбая «Особенности творчества Женижока», представленной на соискание ученой степени кандидата филологических наук (10.01.01 – кыргызская литература).**

**Ключевые слова:** *художественное мировоззрение, стихийный материализм, изустное поэтическое наследие, кыргызская акынская устная лирика, поэтическая импровизация, отечество, жанрово-стилевые доминанты, элегия (арман), поминальный плач (кошок), любовная лирика, завещание, поэтическое состязание (айтыш), творческая индивидуальность.*

**Объект исследования –** восстановленное и закрепленное в литературно-письменном контексте кыргызской художественной культуры устно-поэтическое наследие кыргызского акына Женижока.

**Цель исследования:** определение значения творчества акына в контексте отечественной художественной культуры на основе историографического описания и научно-теоретического анализа его поэтического наследия .

**Методами исследования** послужили апробированные в фольклористической и литературоведческой традиции сравнительно-типологическое рассмотрение художественной системы в историческом контексте культуры, аналитические методы исследования художественного текста как знака национальной художественной целостности.

**Полученные результаты и их значение.** Всестороннее научно-литературное исследование наследия Женижока, оставшегося вне поля зрения в советское время, составляет во многом новую страницу в современном кыргызском литературоведении и определяет степень новизны диссертации. При анализе творчества Женижока обращается внимание на индивидуальное своеобразие раскрытия им жанровых возможностей акынской лирики (айтыш, арман, мактоо), ее новаторское обогащение новыми художественными открытиями. Определенное место отведено творчеству Женижока-сказителя, владевшего универсальным репертуаром исполнения эпических памятников (от «Манаса» до многих «малых» эпических дастанов).

**Рекомендации по практическому использованию.** Материалы диссертации могут быть использованы в качестве оптимального источника в чтении курсов по истории кыргызской литературы, отечественного фольклора. Диссертация обладает самостоятельной информативной ценностью монографического исследования и направлена на пропаганду среди широкого круга читателей наследия кыргызской акынской поэзии.

**Область применения:** высшее гуманитарное образование, программы отечественной средней школы; преподаватели, студенты, аспиранты.

**Resume**

**of the dissertation of Zhusupbekov Asanbai on the theme: «Specifications of the literal heritage of Jenijok» seeking the academic degree of the 10.01.01 – Kyrgyz literature.**

**Key words:** poet- improvisator, fatherland, landscape lyrics, poems-regret ("arman"), poem-lamentation, love lyrics, testament, elemental materialist, philosopher, "aitysh".

**Subject of the research:** Poems on different themes and "aityshs".

**Goal of the research:** Determination of meaning of literal heritage of Jenijok by the all-sided scientific-theoretical analysis of his poems on different themes and "aityshs".

**Methods of research:** The scientific works of outstanding scientists of literature, critics and artistic-esthetical views of such classics as Belinsky V.G., Gorky M., Aitmatov Ch. and others served as methods of research

**Received results and their meanings:** Comprehensive scientific-technical research of the literal heritage of Jenijok, which stayed out of scientific researches during the soviet time, is the novelty of the dissertational work.

In dissertation Jenijok is disclosed as the master of "aitysh"and innovator who enriched the poetry of akyns with new colors, techniques and motivations.

In the dissertation the special place is given to the art of Jenijok as performer, who narrated epic "Manas" and smaller epics as well.

**Recommendations on practical appliance:** The materials of the dissertation can be used as the additional source in the reading of akyn's literature course. The dissertation draws attention of the broad circle of readers who are interested in the art of folk poets.

**Appliance spheres:** Teachers and students of the secondary schools, the teachers and students of the higher educational institutions, aspirants and seekers of scientific academic degree.

Формат бумаги 60*84. 1/16
Бумага офс. Печать офс. Объем 1,3 п.л. Тираж 100
Отпечатано в типографии «Аракет-принт»